КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛАСТЫ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
КАРА-ГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Жаны-Талаа айылы
С. Маметов көчөсү №69

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
КАРА-ГУЗСКИЙ АЙЫЛ
ОКМОТУ

село, Жаңы-Талаа
улица С. Маметов №69

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

**__________________2024-ж/г. № _______** Жаңы-Талаа а.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын 2025-жылдын 24-январындагы “Коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин түзүү жөнүндө” №52-22 буйругун жана Кара-Кулжа жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 7-февралындагы №01-12/34 буйругун турмушка ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы №293 токтомун, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы №281 коррупциялык тобокелдиктерди табуу, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмону бекитүү тууралуу буйругун жетекчиликке алып, Ош облусунун аймагындагы мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмесин бекитүү максатында, **буйрук кылам:**

1. Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн аймагындагы мамлекеттик органдардын коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин. (тиркеме тиркелет)
2. Аппарат кызматкерлери жана мамлекеттик органдары коррупциялык тобокелдиктердин алдын алуу боюнча тиешелүү иш-чараларды үзгүлтүксүз жүргүзүшсүн.
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кара-Гуз айыл өкмөтүнүн орун-басар жооптуу катчысы К. Ш. Каденовго тапшырылсын.

**Башчы** **Иса уулу Н.**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-12/21, 17.02.2025

Кол койгон: Иса уулу Н., 17.02.2025